ОСМОНОВА Ж.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

АЙРЫМ СӨЗДҮКТӨРДӨ ТЕРМИНДЕРДИН АТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ (ЮРИДИКАЛЫК ТЕРМИНДЕР БОЮНЧА)

Терминдердин негизги өзгөчөлөрү илим үчүн, анын эрежелерин, мыйзамдарын, аныктамаларын айырм-лап атоодо зор мааниси бар жана өтө зарыл.

Терминдердин пайда болушу жана өнүгүшү ар бир илимдин, техниканын, экономиканын жана өндүрүш тармагындагы жылыштарга байланыш-туу болот. Жаңы илимий-техникалык, экономикалык ж.б. түшүнүктөрдүн пайда болушу менен дароо бир мезгилде аларды атоо үчүн терминдер пайда болуп турат да, кандайдыр бир өлчөмдө ар бир илимдин деңгээлин да чагылдырат.

Кыргыз тилинде илим-билим тармактары боюнча терминдерди жаратуу, жарыялоо, кыргыз лексикасынын жазма речинде сиңирүү функцияларына көз салуу Кыргыз Илимдер Академиясына караштуу Терминология комиссиясына тиешелүү болгон. Бул мезгилдер ичинде Терминкомдун жана терминология бөлүмүнүн көп жылдык аракети менен кыргыз адабий тилиндеги терминдерди жасоо, термин чыгаруу, башка тилдерден кирген терминдерди кабыл алуу, которуу ыкмалары боюнча теориялык жактан да, практикалык жактан да бир кыйла баалуу эмгектер жаралган.

Маселен, кыргыз улуттук терминологиясынын проблемалары боюнча илимий-изилдөөнүн республи-кадагы ийгиликтери катары аталган маселенин тигил же бул тармактарына тиешелүү бир кыйла илимий макалалар жарыяланып, кандидаттык диссерта-циялар корголгон жана илимдин ар түрдүү тармактары боюнча (орусча-кыргызча) терминологиялык 53 сөздүк басмадан чыкан. Бирок тилекке каршы, мындай эмгектер, тагыраак айтканда, жарык көргөн терминологиялык сөздүктөр библиографиялык сейректик-ке айланып калгандыгы өкүнүчтүү.

Кийинки он-жыйырма жыл ичинде, айрыкча, мамлекетибиз эгемендүүлүккө жетишип, эне тилибиз мамлекеттик расмий тил статусуна ээ болгондон бери илим-билим, техника, экономика, маданияттын тез темп менен өсүшүнө байланыштуу жаңы сөздөр, терминдер, жаңы түшүнүктөр пайда болууда. Ал гана эмес, мурда архаизмге айланып, колдонуудан чыгып калган сөздөр неологизм (жаңы сөз) катары кайра колдонулууда. Маселен, төрага, төрайым, аким, акимчилик, губернатор, мыйзам, жаран, пайыз, айыл өкмөтү ж.б. (Бул жөнүндө караңыз: Б.О.Орузбаева. Кыргыз терминологиясы. – Фрунзе: Мектеп, 1983, 61-100 б.).

Терминдердин ар бир илим тармагынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык туура, так жана өз маанисине шайкеш келгидей абалда колдонулушу кеп маданиятын көтөрүүдө да зор мааниси бар.

Кийинки жылдарда кыргыз адабий тилинин лексикасында, анын ичинде терминология жаатында бир кыйла оң жана терс өзгөрүүлөр болуп келет. Оң өзгөрүүлөр дегенибиз орус тилинде кандай колдонулса, тагыраак айтканда, ошол турушунда колдонулуп, пайдаланылып келген терминдер кыргыздын нукура (төл) сөздөрү менен алмаштырылып, алардын маанилерине туура чагылдырган, ага шайкеш келе турган эквиваленттери менен орундуу колдонула баштады. Маселен, процент-пайыз, закон-мыйзам, состав-курам, граждан-жаран, метод-усул ж.б.

Кыргыз адабий тилинин терминологиясындагы терс көрүнүш-төр, баш аламандыктар жөнүндө айтканыбызда, соңку мезгилдерде газеталарыбыздын саны да көбөйдү, албетте, муну жетишкендик деп эсептөөгө да болот. Бирок алардагы материалдарда, макалаларда көптөгөн орфографиялык, пунктуациялык, стилдик каталар кездешет, ошондой эле терминдерди ар ким оюна келгендей колдоно берген көрүнүштөр бар экендиги талашсыз. Албетте, буларды терс көрүнүш деп эсептөөгө негиз бар. Терминдер маани жагынан так, интеллектуалдык жагынан таза, б.а., көркөмдүк жана эмоциялык сөздөрдөн алыс болууга тийиш. Мындай өзгөчөлүктөр

жөнөкөй сөзгө мүнөздүү эмес. Жөнөкөй сөздөрдүн маанисине караганда терминдердин жалпылагыч мааниси өтө кең болот да, ар кандай сферада колдонула турган жалпы бир мааниге ээ болгон түшүнүктөрдү ичине алат. Терминдерди тандаган мезгилде расмий мамилеге мүнөздүү болгон, анын тактыгына, түшүнүктүүлүгүнө жооп бере турган, т.а., мыйзамдык актылардын идеялык-тематикалык мазмунуна туура келген, укуктук категорияларды түшүндүрүүгө мүмкүн болгон тил каражаттары тандалып алынат.

Юридика коомдук турмуштун бир областы болгондон кийин анын өзүнө тиешелүү бөтөнчөлүктөрү бар, алардын бардыгы тилде чагылдырылат. Укуктун өзүнө тиешелүү предметтери жана түшүнүктөрү болот. Бул маселеге терең иликтөө жүргүзүүнүн, анда колдонулуучу терминдердин, сөз айкалыштарынын өзгөчөлүктөрүнө, которуу ыкмаларына токтолуунун теориялык да, практикалык да зор мааниси бар.

Кыргыз тил илиминде атайын юридикалык терминдердин теориялык маселелерине арналган адабияттарды кезиктире алган жокпуз, ырас, бирин-экин макалаларды эске албаганда. Бирок терминдердин аталышына, маанисинин жана кабыл алынган терминдердин которулуш ыкмаларынын туура, так болушуна, колдонулушуна жардам көрсөтүү максатында баалуу кеңештер айтылып, иштиктүү чаралар көрүлгөндүгү да байкалат.

Маселен, Кыргыз Республика-сынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын редакциялык бюросу тарабынан "Учурда активдүү колдонулуп жаткан саясий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдердин сөздүгү (-Б., 2000)", (такталгандары, жаңы киргендери) аттуу жана "Атоолордун (терминдердин), сөз айкалыштарынын орусча-кыргызча сөздүгү" (-Б., 2006), "Юридикалык аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү" (-Б., 2006) аттуу терминологиялык сөздүктөр жарык көрдү.

Чындыгында, улуттук терминоло-гиянын тартипке салынышына, андагы кемчиликтердин жоюлушуна көмөк көрсөтө турган бул сыяктуу илимий-практикалык эмгектердин жарык көрүшү кубаттоого татыктуу.

Ошондой эле аталган сөздүктөр-дөгү юридикалык терминдердин айрымдарынын которулушундагы, аталышындагы байкалган бирди-жарым мүчүлүштөрүнө кайрылып көрөлү. Аталган сөздүктөрдүн биринчисинин 111-бетинде, экинчи сөздүктүн 191-бетинде юридикалык терминдердин айрымдарынын которулушу берилет: уголовно-процессуальное право – жазык-процесс укугу; уголовно-процессуальный кодекс – жазык-процесс кодекси; уголовный – жазык; уголовный закон – жазык мыйзамы; уголовный кодекс – жазык кодекси; уголовный процесс – жазык процесси.

Келтирилген терминдерде "уголовный" деген сөз "жазык" деп которулган. Кыргыз тилинде "жаза" деген да сөз бар. Бул эки сөз сыртынан караганда бирдей, бири-бирине синонимдеш сыяктанып да көрүнүшү мүмкүн. Бирок чындыгында андай эмес. "Жазык" кетирилген күнөө, кылмыш, "жаза" кетирилген күнөөгө кылмышка карата көрүлүүчү чара, коюлуучу айып.

Маселен, "Уголовный кодекс" деген термин "жазык кодекси" деп которулган. Кодекстин маанисин өзүнчө алганда орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн 2 томунда **Кодекс І. юр.** систематизированный свод законов, относяүихся к какой-либо области права. **Уголовный кодекс. Гражданский кодекс** деген мисалдар берилет (85-б.).

Кыргыз тилинин "Орусча-кыргызча сөздүгүндө" **Кодекс м. юр.** (свод законов) Кодекс (коомдук турмуштун кандайдыр бир жагын жайгаштыруучу закондордун жыйындысы) (286-б.) деп берилет.

Ал эми "жаза" жана "жазык" сөздөрүнүн маанилеринин кыргыз тилинин сөздүктөрдө берилишине токтололу. К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө": **Жаза** І ***ар.*** наказание,

кара возмездие. **Жазага тарт. жазанын эң жогорку чарасы** (211-б.) деп берилген.

"Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө": **Жаза** I ***зат.*** кылмышы үчүн тарта турган айып, кылган кылмышы үчүн колдонолуучу чара.

жаза тарт (171-б.)

"Жазык" сөзүнүн сөздүктөрдө берилиш маанисин салыштырып көрөлү.

Кыргызча-орусча сөздүктө:

ЖазыкI 1. Грех, вина, проступок. **Менде не жазык? уккан кулакта жазык жок** (213-б.).

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: **жазык** I күнөө, айып, кылмыш. ***Анда эмне жазык*** (172-б.).

Жогоруда келтирилген фактыларга караганда, "Кодекс" сөзүнүн мааниси "жаза" сөзү менен айкаша келгенде туура келчүдөй. Анткени кодекс жаза көрүлүүчү, күнөө коюлуучу закондордун жыйындысы болуп жатат. Күнөөнүн оор, жеңилине карата берилүүчү жазалар жөнүндө атайын статьялар бар. Ал эми "жазык" болсо, жөнөкөй сөз менен айтканда, кетирилген күнөө, кылмыш жаза берилиш керек.

Ошондуктан жогоруда аталган терминдердин **жаза мыйзамы, жаза кодекси, жаза процесси, жаза процесс кодекси** деп колдонулушу ийкемдүү, уккулуктуу жана терминдердин талаптарына туура келчүдөй.

Кийинки "Юридикалык аталга-лары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү" аттуу көлөмдүү эмгекте мурдагы сөздүктөр-дөгү кетирилген мүчүлүштүктөр эске алынып, терминдерди жөн гана которуу эмес, алардын түшүндүрмөлөрүн кошо берип, терминдердин берилишин да башкача аталган. Маселен, **кылмыш** жана **жаза** сөздөрүнүн айкалышынан келип термин катары колдонулушу терминдин тематикалык мазмунуна туура келип, укуктук категорияларды туура кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, кулакка жагымдуу, ийкемдүү колдонула тургандыгы байкалат. Маселен, жогоруда которулган терминдер бул сөздүктө төмөнкүдөй берилген:

уголовный кодекс – кылмыш-жаза кодекси (700-б.).

уголовный закон – кылмыш-жаза мыйзамы (700-б.).

уголовная ответственность – кылмыш-жаза жоопкерчилиги (699-б.).

уголовное право – кылмыш-жаза укугу (700-б.).

уголовное законодательство – кылмыш-жаза мыйзамдары (700-б.) ж.б.

Бул сыяктуу илимий-практикалык жактан чоң мааниси бар эмгектин жаралышынын терминология жаатында-гы чоң ийгилик экендиги талашсыз. Ошондой болсо да сөздүктүн аталышы жөнүндө да бир аз сөз кылууга туура келет.

Кыргыз тилинде мурдатан кыргыздын төл сөзү катары колдонулуп жүргөн ***"аталгы"*** сөзү бар. Бул сөздүн маанисин кыргыз тилинин сөздүктө-рүнөн карап көрөлүчү

1. К.К.Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө" төмөнкүдөй берилет.

Аталгы 1. Топорик с вогнутым лезвием (инструмент седельного мастера).

2. Род примитивной мутовки (употребляемой при процеживании бузы) (78-б.).

2. Кыргыз тилинин бир томдук түшүндүрмө сөздүгүндө мындай берилген:

Аталгы ***зат.*** 1. Ич жаккы мизи жарым тегерек формада келген, көбүнчө ээр чабууда, аяк чабууда ж.б. колдонулуучу керки, аспап.

2. Бозо сүзүүдө колдонулуучу, башына бир укумдай жыгач туурасынан ашталган таякча (67-б.).

3. Проф. Х.Карасаевдин "Карасай сөздүгүндө" төмөнкүдөй берилген:

Аталгы т-м. 1. мизи иймек аштама керки. Ээрчинин куралы. Аны менен ээрдин кобулун оёт.

Түрк тилдеринин бир тобунда: адалгы, аталгы болуп айтылат (119-б.).

Жогоруда аталган сөздүктөрдө **аталгы** сөзүнүн мааниси такыр башка экендиги көрсөтүлдү. Анын үстүнө **аталгы** сөзү бул сөздүктө берилген терминдердин бирөөнө да байланышы жок.

Ушундай баалуу сөздүктүн затына аты жарашпайт дегендей сезилет.

Биздин пикирибизче, сөздүктү "Юридикалык аталыштары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү" деп койгондо терминдин тематикалык мазмунуна туура келип, укуктук категорияларды туура кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүп, угулушу да кулакка жагымдуу жана ийкемдүү болмок.

Расмий стилде сөздөрдү, терминдерди тандаган мезгилде расмий мамилеге мүнөздүү болгон, анын тактыгына, түшүнүктүүлүгүнө жооп бере турган, тагыраак айтканда, мыйзамдык актылардын мазмунуна туура келип, укуктук категорияларды түшүндүрүүгө мүмкүн болгон сөздөр, терминдер алынса, кеп маданиятын жогору көтөрүүгө да зор таасирин тийгизген болор эле.

Адабияттар:

1. Орузбаева Б.О. Кыргыз терминологиясы. - Ф., Мектеп, 1983.
2. Учурда активдүү колдонулуп жаткан саясий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдердин сөздүгү.- Бишкек, 2000.
3. Атоолордун (терминдердин) сөз айкаштарынын орусча-кыргызча сөздүгү. - Бишкек, 2006.
4. Юридикалык аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек, 2006.